## Мамлекеттик казына облигацияларынын рыногу

*(2016-жылдын май айы)*

**1-график. МКОго карата суроо-талаптын, сунуштун жана кирешелүүлүк көлөмүнүн динамикасы**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде биринчилик рыногунда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан казына облигацияларын жайгаштыруу боюнча эки аукцион жана бир кошумча жайгаштыруу өткөрүлгөн. Аукциондордо мамлекеттик казына облигацияларынын жарыяланган эмиссиясынын көлөмү 9,1 пайызга төмөндөө менен 409,0 млн сомду түзгөн, ал эми ушул айда кошумча жайгаштыруу көлөмү 250,0 млн сомду түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде рыноктун катышуучулары тарабынан 513,0 млн сом суммасына (-48,7 пайыз) 2 жылдык баалуу кагаздар жана 146,0 млн сом суммасына 5 жылдык баалуу кагаздар сатылып алынган. Суроо-талап көлөмү ай ичинде 31,0 пайызга төмөндөө менен 738,0 млн сомду түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде мамлекеттик казына облигациялары боюнча орто айлык кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү ай ичинде 0,7 п.п. көбөйүү менен 18,6 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн.

**2-график. МКО боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүлүктүн динамикасы**




Жыл башынан тартып жүгүртүүдөгү мамлекеттик казына облигацияларынын көлөмү 10,4 млрд сомго чейин (+3,7 пайызга) көбөйгөн. Мында, негизги ээлик кылуучулардын – институционалдык инвесторлордун үлүшү 56,0 пайызга чейин (-3,4 п.п.) төмөндөшү байкалган, ал эми коммерциялык банктардын салыштырма салмагы тескерисинче 43,6 пайызга чейин (+3,4 п.п.) көбөйгөн. Юридикалык жактардын-резиденттердин салыштырма салмагы 0,4 пайызды (+0,1 п.п.) түзгөн.

Айдын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик казына облигацияларынын биринчилик рыногунда концентрациялануу индекси 0,34 түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку

деңгээлин көрсөтүү менен рынокто бирдей үлүшкө ээ үч инвестордун катышкандыгына дал келет.

**1-таблица. Номиналдык нарк боюнча МКОго ээлик кылуучулардын түзүмү**

*миң сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | анын ичинде | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Институт. Инвесторлор | | Резидент юридик. жактар | | Резидент эмес юридик. жактар | | Резидент жеке жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.06.2015 | 7 977 150,0 | 3 475 792,3 | 43,6 | 4 494 607,7 | 56,3 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |
| 01.07.2015 | 7 672 150,0 | 3 435 898,4 | 44,8 | 4 229 501,6 | 55,1 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |
| 01.08.2015 | 8 126 150,0 | 3 685 898,4 | 45,4 | 4 433 501,6 | 54,6 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |
| 01.09.2015 | 8 663 450,0 | 3 928 015 | 45,3 | 4 723 685 | 54,5 | 11 700 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |
| 01.10.2015 | 9 083 650,0 | 3 926 018 | 43,2 | 5 145 882 | 56,6 | 11 700 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |
| 01.11.2015 | 9 472 140,0 | 4 062 208,9 | 42,9 | 5 399 681,1 | 57,0 | 10 200,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |
| 01.12.2015 | 9 824 161,3 | 4 110 364,2 | 41,8 | 5 685 381,1 | 57,9 | 28 366,0 | 0,3 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.01.2016 | 10 037 261,3 | 4 042 364,2 | 40,3 | 5 966 481,1 | 59,4 | 28 366,0 | 0,3 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.02.2016 | 9 909 750,6 | 3 870 305,9 | 39,1 | 6 011 028,7 | 60,7 | 28 366,0 | 0,3 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.03.2016 | 9 906 961,3 | 3 884 638,0 | 39,2 | 5 985 307,3 | 60,4 | 36 966,0 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.04.2016 | 9 625 061,3 | 4 067 738,0 | 42,3 | 5 520 307,3 | 57,4 | 36 966,0 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.05.2016 | 10 341 061,3 | 4 641 300,3 | 44,9 | 5 662 745,0 | 54,8 | 36 966,0 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.06.2016 | 10 412 061,3 | 4 544 485,4 | 43,6 | 5 826 559,9 | 56,0 | 40 966,0 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |